# Эл аралык илимий басылмаларга макала даярдоонун этаптары жана талаптары

**Арген Жумгалбеков**

Педагогика багытында PhD доктор
Кыргыз-Түрк "Манас" университети



НЕГИЗГИ СУРОО

# Эл аралык индекстелген журналдар бизден эмнени күтөт?

# Эл аралык макаланын жалпы картасы

IMRaD — эмпирикалык макалаларда кеңири колдонулган логикалык структура

**Аталыш** (title)

**Аннотация** (abstract)

**I**

**Киришүү**

(Introduction)

*Эмне үчүн керек?*

**M**

**Методдор**

(Methods)

*Кантип жүргүзүлдү?*

**R**

**Жыйынтыктар**

(Results)

*Эмне табылды?*

**D**

**Талкуу**

(Discussion)

*Бул эмнени билдирет?*

**Корутунду / мааниси** (Conclusion / implications)

Бардык макала сөзсүз IMRaD форматында болбойт. Бирок ал изилдөөнүн логикасын түшүнүүгө жардам берет.

# 1. Так жана туура аталыш (Title)

Аталыш окурманга изилдөө эмне жөнүндө экенин дароо билдириши керек.

### Күтүлгөнү

- так жана кыска
- негизги түшүнүктөр көрүнөт
- ашыкча чоң доомат жок

### Көп кетирилген ката

- өтө жалпы сөздөр
- өлкөнү/аймакты негизсиз чоңойтуу
- негизги өзгөрмөлөр көрүнбөйт

# 1. Так жана туура аталыш (Title)

Мисал

**Алсыз мисал**

*«Жасалма интеллект жана билим берүү»*

**Жакшыртылган вариант**

***«ЖОЖ окутуучуларынын жасалма интеллектти колдонууга даярдыгында санариптик өзүнө ишенимдин ролу»***

# 2. Туура аннотация (Abstract)

Аннотация макаланын кыска, бирок толук мазмундук версиясы болушу керек.

### Күтүлгөнү

- көйгөй, максат, метод, жыйынтык, корутунду бар
- конкреттүү маалымат берилет
- жалпы сөз аз

### Көп кетирилген ката

- актуалдуулукка көп орун берүү
- метод жана натыйжа жок
- “бул макалада каралат” менен чектелүү

# 3. Күчтүү киришүү (Introduction)

Контекст → Көйгөй → Актуалдуулук → Изилдөө боштугу → Маанилүүлүк → Максат

### 1 Контекст

Бул тема боюнча азыр эмне белгилүү?

### 2 Көйгөй

Кандай маселе, кыйынчылык же карама-каршылык бар?

### 3 Актуалдуулук

Эмне үчүн бул маселени азыр изилдөө маанилүү?

### 4 Изилдөө боштугу

Эмне али белгисиз же жетиштүү изилдене элек? (research gap)

### 5 Маанилүүлүк

Бул боштукту толтуруу илимге же практикага эмне берет?

### 6 Максат

Биздин изилдөө конкреттүү эмнени текшерет же аныктайт?

**Кыска формула:** Эмне белгилүү? → Көйгөй эмнеде? → Эмне үчүн азыр маанилүү? → Эмне белгисиз? → Аны билүү эмне берет? → Биз эмнени изилдейбиз?

# Актуалдуулук жана изилдөө боштугу

Актуалдуулук — көйгөйдүн азыр эмне үчүн маанилүү экенин көрсөтүү.

### Актуалдуулук кайдан чыгат?

- практикадагы реалдуу көйгөйдөн;
- жаңы социалдык/технологиялык өзгөрүүдөн;
- илимдеги жооп берилбеген суроодон;
- саясат, программа же билим берүү реформасынан.

### Изилдөө боштугу (research gap) деген эмне?

- эмне али белгисиз?
- эмне жетиштүү түшүндүрүлгөн эмес?
- кайсы механизм же шарт так эмес?
- кайсы далилдер бири-бирине каршы?

# Актуалдуулук жана изилдөө боштугу

Мисал

**Алсыз:**

*«Жасалма интеллект азыр абдан актуалдуу.»*

**Күчтүү:**

***«AI жайылып жатканы менен, окутуучулардын аны педагогикалык максатта колдонушуна кайсы факторлор таасир этери толук аныктала элек.»***

# Изилдөө боштугун кантип табабыз?

Изилдөө боштугу көбүнчө акыркы адабияттарды салыштырганда көрүнөт

**Акыркы макалалар**

Discussion жана limitations бөлүмдөрү

**Обзордук анализ (Systematic review)**

кайсы багыт жетишсиз экенин көрсөтөт

**Карама-каршы натыйжа**

изилдөөлөр бирдей жыйынтык бербейт

**Механизм белгисиз**

X → Y бар, бирок “кантип?” ачык

**Шарт белгисиз**

X качан/кимдерде күчтүү иштейт?

**Жаңы контекст**

контекст теориялык жактан маанилүү болсо

**Эреже:** «Кыргызстанда изилденген эмес» — өзү эле жетиштүү изилдөө боштугу эмес. Контекст эмне үчүн илимий жактан маанилүү экенин көрсөтүү керек.

# 4. Теориялык негиз жана адабияттык обзор

Адабияттык обзор изилдөө суроосуна логикалык жол ачышы керек.

### Күтүлгөнү

- адабияттарды салыштырат жана синтездейт
- карама-каршылыктарды көрсөтөт
- теория менен байланыштырат

### Көп кетирилген ката

- авторлорду тизип чыгуу
- булактарды түшүндүрбөй цитаталоо
- изилдөө суроосуна алып келбөө

# 4. Теориялык негиз жана адабияттык обзор

Мисал

**Алсыз мисал**

*«Иванов мындай деди. Smith мындай деди. Lee мындай деди...»*

**Жакшыртылган вариант**

***«Бул үч багыт X феноменин ар башкача түшүндүрөт; бирок Y шартында бул механизм жетиштүү текшерилген эмес.»***

# 5. Негиздүү гипотеза (hypothesis)

Гипотеза — автордун жөн гана жеке божомолу эмес.

**Теория** (theory) → **Мурунку далилдер** (previous evidence) → **Логикалык негиз** (logical reasoning) → **Гипотеза** (hypothesis)

**Начар:**

**H1: X Үге оң таасир берет.**

**Туура суроо:**

**Эмне үчүн дал ушундай натыйжа күтүлөт?**

Ар бир гипотезанын алдында «Эмне үчүн?» деген суроого илимий жооп болушу керек.

# 6. Негиздүү методология (Method)

Метод бөлүмү далилдер кантип алынганын жана эмне үчүн ошол ыкма тандалганын көрсөтөт.

### Күтүлгөнү

- дизайн изилдөө суроосуна ылайык
- маалымат булагы жана талдоо жолу ачык
- ишенимдүүлүк/негиздүүлүк көрсөтүлөт

### Көп кетирилген ката

- методдун себепсиз тандалышы
- процедура бүдөмүк жазылышы
- бардык изилдөөнү сурамжылоо деп кабыл алуу

# 6. Негиздүү методология (Method)

Мисал

**Алсыз мисал**

*«Катышуучуларга анкета таратылды жана анализ жүргүзүлдү.»*

**Жакшыртылган вариант**

***«Дизайн, маалымат булагы, тандоо логикасы, талдоо процедурасы жана сапат критерийлери так берилет.»***

# Методологияны кантип тандайбыз?

Адегенде суроо, анан дизайн, анан ыкма тандалат

| Изилдөө суроосу | Дизайн | Ыкмалардын мисалы |
|---|---|---|
| *Канча? Кандай деңгээлде?* | **Сандык изилдөө** | сурамжылоо, тест, шкала, статистикалык маалымат |
| *Эмне үчүн? Кантип?* | **Сапаттык изилдөө** | интервью, фокус-топ, байкоо, документтик талдоо |
| *Таасир барбы?* | **Эксперименттик изилдөө** | кийлигишүү, pre-test/post-test, контролдук топ |
| *Мурунку иштер эмне дейт?* | **Обзордук изилдөө** | системалык обзор, мета-анализ, нарративдик обзор |
| *Концепт/теория кандай түшүндүрүлөт?* | **Теориялык изилдөө** | концептуалдык талдоо, салыштыруу, синтез |

Методду “мага ыңгайлуу” деп эмес, изилдөө суроосуна эң ишенимдүү жооп бергендиктен тандайбыз.

# 7. Так жыйынтыктар (Results)

Жыйынтыктар “биз эмнени таптык?” деген суроого жооп берет.

### Күтүлгөнү

- изилдөө суроолоруна түз жооп берет
- керектүү натыйжа гана берилет
- гипотеза колдоого алынган-алынбаганы көрсөтүлөт

### Көп кетирилген ката

- бардык таблицаны көчүрүү
- жыйынтык менен талкууну аралаштыруу
- негизги суроого жооп бербөө

# 7. Так жыйынтыктар (Results)

Мисал

**Алсыз мисал**

*«SPSSmen чыккан бардык таблицалар макалага киргизилди.»*

**Жакшыртылган вариант**

***«Негизги моделдин натыйжалары гана көрсөтүлүп, гипотезага түз жооп берилди.»***

# 8. Терең талкуу (Discussion)

Талкуу “бул жыйынтык эмнени билдирет?” деген суроого жооп берет.

### Күтүлгөнү

- натыйжаны мурунку изилдөөлөр менен салыштырат
- теориялык түшүндүрмө берет
- илимий жана практикалык маанисин ачат

### Көп кетирилген ката

- Жыйынтыктарды кайра кайталоо
- эмне үчүн мындай чыкканын түшүндүрбөө
- илимге кошкон салымын көрсөтпөө

# 8. Терең талкуу (Discussion)

Мисал

**Алсыз мисал**

*«Бул изилдөөдө X менен Y ортосунда байланыш табылды.»*

**Жакшыртылган вариант**

***«Бул жыйынтык теориядагы Z түшүндүрмөсүн колдойт жана мурунку изилдөөлөрдөгү карама-каршылыкты тактоого жардам берет.»***

# 9. Корутунду жана салым (Conclusion / contribution)

Корутунду “мындан эмне пайда?” деген суроого жооп берет.

**Күтүлгөнү**

- негизги тыянакты так берет
- илимий жана практикалык салымды көрсөтөт
- чектөөлөрдү жана келечектеги изилдөөлөргө жол көрсөтөт.

**Көп кетирилген ката**

- жыйынтыкты кайталап коюу
- өтө чоң доомат кылуу
- чектөөлөрдү жашыруу
- Маанисин ашыкча белгилөө

# 9. Корутунду жана салым (Conclusion / contribution)

Мисал

**Алсыз мисал**

*«Изилдөө маанилүү жыйынтыктарды берди.»*

**Жакшыртылган вариант**

***«Жыйынтык X теориясын Y контекстинде кеңейтет жана практикага Z сунушун берет.»***

ПРАКТИКАЛЫК БӨЛҮК

# Макала даяр. Эми журналды кантип тандайбыз жана коопсуз жөнөтөбүз?

# Туура журналды тандоо

Журнал тандоо макаланы жөнөтүүдөн мурда башталат

### Тема

Бул журнал ушундай темадагы макалаларды жарыялайбы?

### Метод

Ушундай методологиядагы иштерди кабыл алабы?

### Окурман

Бул журналдын аудиториясына биздин иш кызыктуубу?

- журналдын тематикасы (scope)
- акыркы макалалары
- индекстелиши жана квартиль (quartile)
- жарыялоо модели жана төлөм (APC)
- авторлор үчүн көрсөтмө (author guidelines)

# Шектүү журналдардан сактануу

Сапаттуу журнал тез жана кепил жарыялоону убада кылбайт

- “сөзсүз жарыялайбыз” деген убада (guaranteed publication)
- өтө тез кабыл алуу убадасы
- жасалма көрсөткүчтөр жана фейк impact factor
- түшүнүксүз редакциялык кеңеш
- агрессивдүү электрондук чакыруулар
- сайтында Scopus деп жазып, бирок базада активдүү эмес болушу

**Негизги эреже:** журналдын сайтына эле ишенбеңиз — негизги базасынан өзүңүз текшериңиз.

# Макаланы жөнөткөндөн кийин эмне болот?

Жарыялоо — бир нече этаптан турган процесс

1. **Жөнөтүү** (submission)
2. **Редакциялык текшерүү**
3. **Рецензиялоо** (peer review)
4. **Кайра иштөө** (revision)
5. **Кабыл алуу** (acceptance)
6. **Жарыялоо**

**Четке кагуу** (desk rejection)

Олуттуу кайра иштөө (major revision) — бул четке кагуу эмес. Көп учурда ал макаланы жакшыртуу мүмкүнчүлүгү.

Рецензенттин ар бир комментарийине сылык, так жана пункт боюнча жооп берүү керек.

# Жасалма интеллект (AI) жана илимий макала

Колдонсо болот, бирок жоопкерчилик автордо калат

### Жардам бере алат

- идеяны структуралоо
- план түзүү
- текстти редакциялоо
- академиялык тилди жакшыртуу

### Кооптуу жагдайлар

- жасалма булак чыгарышы
- фактыларды ойлоп табышы
- жыйынтыкты туура эмес чечмелеши
- журналдын AI саясатын бузуу коркунучу

**AI — автор эмес, жардамчы инструмент.**

# Макаланын «кум сааты» логикасы

Киришүү кеңден тарга, талкуу тардан кайра кеңге барат

**Киришүү**
(Introduction)

- Кең контекст
- Көйгөй
- Мурунку изилдөөлөр
- Изилдөө боштугу (research gap)
- Максат / суроо / гипотеза

**Эң конкреттүү бөлүк**

- **Методология (Methods)**
- **Жыйынтыктар (Results)**

**Талкуу**
(Discussion)

- Конкреттүү натыйжа
- Теориялык түшүндүрмө
- Кеңири мааниси

# Эл аралык макала даярдоонун 10 кадамы

Эл аралык журналга ылайык макала даярдоонун жалпы картасы

1. Илимий көйгөйдү аныктоо
2. Актуалдуулукту негиздөө
3. Изилдөө боштугун табуу (research gap)
4. Суроо / гипотезаны түзүү
5. Теориялык негизди куруу
6. Метод жана дизайнды тандоо
7. Маалыматтарды алуу жана талдоо
8. IMRaD логикасында жазуу
9. Туура журналды тандоо
10. Жөнөтүү → рецензия → кайра иштөө

# Жыйынтык: макалабыз кандай болушу керек?

Жыйынтыктай турган болсок...

| | |
|---|---|
| **Темасы** | так, кыска жана мазмундуу болушу керек. |
| **Аннотациясы** | изилдөөнүн максаты, методу, жыйынтыгы жана корутундусун чагылдырышы керек. |
| **Киришүүсү** | контекст, көйгөй, актуалдуулук, боштук, маанилүүлүк жана максатты негиздеши керек. |
| **Методу** | изилдөө суроосуна ылайык тандалышы керек. |
| **Талкуусу** | жыйынтык эмнени билдирерин түшүндүрүшү керек. |

# Эсте кала турган 3 ой

**1**

Эл аралык публикация журнал издөөдөн эмес, сапаттуу илимий көйгөйдөн башталат.

**2**

Макаланын ар бир бөлүгү конкреттүү суроого жооп бериши керек.

**3**

Бул — бир жолку аракет эмес, акырындык менен калыптануучу изилдөө маданияты.

# Сандык изилдөөлөр үчүн практикалык курс

практикалык SPSS анализдери

жыйынтыктарды чечмелөө жана макалага жазуу

даяр илимий макала шаблону менен иштөө

курс соңунда сертификат

**Эскертүү:** курс негизинен сандык изилдөө жүргүзгөн же жүргүзүүнү пландаган изилдөөчүлөргө багытталган.

# Байланыш үчүн

Инстаграм баракчам:

**argen.zhumgalbekov**

Номер:

**0559 03 01 61**

